**“БЕКИТЕМИН”**
**Ош мамлекеттик университетинин**
**ректору профессор К. Г. Кожобеков**
______________________
**2021-жылдын “14” 05**

**12.00.11 – сот бийлиги; прокурордук көзөмөл; укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары, келечеги” деген темадагы Байгубатова Надира Рахымбековнанын диссертациясына Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин кылмыш жаза укугу жана процесси кафедрасынын жетектөөчү уюм катары**

# ПИКИРИ

**1. Изилденген теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо, өлкө тарабынан кабыл алынган жалпы эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү жана өркүндөтүүдө.

Бул багытка Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери, Кыргыз Республикасынын пенитардык тутуму өз башынан бир топ кайра түзүүлөрдү өткөрдү. Ага, жазык-аткаруу системасы юстиция министрлигинин карамагына өткөрүлүп, анын алдындагы эки органга берилди. Биринчиси, соттолгондорду коомдон обочо кармоо менен байланышкан, тактап айтканда белгилүү мөөнөткө эркиндиктен ажыратуучу жана эркиндиктен өмүр бою ажыратуучу жазаларды аткаруу боюнча - Жазыктарды аткаруу мамлекеттик кызматына; экинчиси, демилитаризациялоо жана депенализациялоо боюнча реформанын алкагында 2018-жылы түзүлгөн (иш баштоо мөөнөтүн 2019-жылдын 1-сентябрына жылдыруу менен) Пробация департаментине.

Бирок, тилекке каршы, мындай орун алмаштыруулар жазык-аткаруу системасындагы орун алган кыйын кырдаалды жое алган жок. Жетишпеген финансылоо, коррупция, эркиндиктен ажыратуучу жерлердеги калктын ченемден ашык көрсөткүчтөрү жана кылмыштуулуктун күчөп өсүшү, кыйноолордун колдонулушу, ж.б. булар кыйынчылыктардын, көйгөйлөрдүн толук эмес тизмеси.

Ушуну менен катар, жазык-аткаруу тутумун реформалоону тез арада ишке ашыруу мүмкүн эместиги көрүнүп калды, жана о.э. ага олуттуу убакыт, ресурстар, масштабдуу уюштуруучулук жана укуктук аракеттер, ошондой эле фундаменталдуу илимий изилдөөлөр талап кылынаары шексиз.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Байгубатова Надира Рахымбековнанын жасаган диссертациялык изилдөөсү актуалдуу жана учурдун талабына ылайык деген тыянак чыгарууга болот.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 113 от «13» 05 2021 г.

**2. Диссертацияга карата талаптардын чегиндеги илимий натыйжа.**

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилген:

**НАТЫЙЖА 1.** Автор тарабынан укуктук салыштырманын негизинде реформа жөнүндө түшүнүктөр каралып, жазык-аткаруу системасын реформалоо жөнүндө аныктама негизделет.

**НАТЫЙЖА 2.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун басып өткөн жолу изилденип, эгемендүүлүктү алгандан бери аны гумандаштыруу жана демилитаризациялоо багытында реформалоонун төрт этабы тууралуу сунуш жасалды.

**НАТЫЙЖА 3.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишиндеги көйгөйлөрдүн өзгөчөлүктөрү каралып, реформага түрткү болгон факторлор негизделет.

**НАТЫЙЖА 4.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын өзгөчөлүкторү каралып, алардын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделет.

**НАТЫЙЖА 5.** Автор тарабынан соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары укук бузган жана соттолгон адамдарга карата мамиле жасоонун жалпы гуманисттик, прогрессивдүү эрежелери катары негизделет.

**НАТЫЙЖА 6.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдында жаны түзүлгөн пробация органдарынын ишинин өзгөчөлүктөрү, кыйынчылыктары талданып, аларды жакшыртуу боюнча сунуштар негизделет.

**НАТЫЙЖА 7.** Автор тарабынан гумандаштыруу, соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо Кыргыз Республикасынын пенитенциардык системасын реформалоонун концептуалдык багыттары катары негизделип, келечекте анын ишин өркүндөтүү жолдору сунуш кылынат.

**3. Ар бир натыйжанын (илимий жоболордун) негиздүүлүк жана аныктык даражасы, изденип алуучунун диссертациялык изилдөөдө баяндалган тыянактары жана корутундулары.**

Диссертацияда калыптанган тыянактар, рекомендациялар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, ошондой эле адабият булактары менен практикалык материалдардын кеңири чөйрөсүн талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга негизделген.

Автор жасаган натыйжалардын, тыянактардын жана корутундулардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүлөр менен ырасталат:

**НАТЫЙЖА 1.** Жазык-аткаруу системасын реформалоо түшүнүгүнө негизделген. Натыйжа анык болуп эсептелинет, анткени атайын адабияттар менен бир катар теоретикалык иштеп чыгаруулардын терең талдоосуна негизделет.

**НАТЫЙЖА 2.** Эгемендүүлүктү алгандан бери Кыргыз

Республикасынын улуттук жазык-аткаруу тутумунун реформалоосунун төрт этабы негизделген. Атайын адабияттар жана Кыргыз Республикасынын менен тийиштүү чет өлкөлүк ченемдик укуктук актылардын терең талдоосу менен негизделген.

**НАТЫЙЖА 3.** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоого түрткөн факторлор негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени теориялык-практикалык тармакта жана эл аралык тажрыйба шартында тастыкталган.

**НАТЫЙЖА 4.** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени атайын адабияттар жана КР менен тийиштүү чет өлкөлүк ченемдик укуктук актылардын терең талдоосу менен негизделген.

**НАТЫЙЖА 5.** Соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттарыукук бузган жана соттолгон адамдарга карата мамиле жасоонун жалпы гуманисттик, прогрессивдүү эрежелери катары негизделет. Анык болуп эсептелинет, анткени улуттук жана эл аралык тажрыйба шартында тастыкталган.

**НАТЫЙЖА 6.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдында жаны түзүлгөн пробация органдарынын ишин жакшыртуу боюнча сунуштар негизделет. Анык болуп эсептелинет, анткени теориялык-практикалык тармакта терең талдоого негизделген.

**НАТЫЙЖА 7.** Кыргыз Республикасынын пенитенциардык системасынын ишин өркүндөтүү жолдору боюнча сунуш негизделет. Анык болуп эсептелинет, себеби, теориялык-практикалык тармакта жана эл аралык тажрыйба шартында тастыкталган.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда баяндалган ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңычылдык даражасы.**

**НАТЫЙЖА 1.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасында алгачкы ирет жазык-аткаруу системасын реформалоо түшүнүгүн берүү боюнча аракети жасалып жатат.

**НАТЫЙЖА 2.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасында алгачкы ирет эгемендүүлүк алгандан тартып жазык-аткаруу системасын реформалоо этаптарын анализдөө аракети жасалып жатат.

**НАТЫЙЖА 3.** Жарым-жартылай жаңы, анткени Кыргыз Республикасында улуттук жазык-аткаруу тутумду реформага түрткү кылган факторлор каралган.

**НАТЫЙЖА 4.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар менен тастыкталат.

**НАТЫЙЖА 5.** Жарым-жартылай жаңы, анткени Кыргыз Республикасында соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттарынын өзгөчөлүктөрү каралып келген.

**НАТЫЙЖА 6.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасында жаңы түзүлгөн пробация органдарынын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар менен тастыкталат.

**НАТЫЙЖА 7.** Жаңы, анткени, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары көрсөтүлүүдө.

**5. Илимий натыйжалардын теория жана практикага тийиштүү маанилүүгү, диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга рекомендациялар.**

Алынган жыйынтыктар бири-бири менен өз ара байланышта жана теориялык жоболорго таянып жасалган. Сунушталып жаткан эмгек Кыргыз Республикасында жазык-аткаруу системасын реформалоосунун көйгөйлөрүн, тенденцияларын жана багыттарын чагылдырган алгачкы комплекстүү жана системалуу изилдөөлөрдүн бири.

Диссертацияда бул проблема боюнча бир топ жаңы илимий натыйжалар менен жоболор камтылган жана аларда ички жыйнактуулук бар, бул автордун юридика илимине кошкон жеке салымы болуп эсептелет. Жазык-аткаруу тутумунун ишиндеги көйгөйлөрдү чечүүнүн сунушталып жаткан жаңы ыкмалары жетиштүү аргументтелген жана мурдатан белгилүү чечимдерге салыштырмалуу сын көз менен баа берилген.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Байгубатова Надира Рахымбековнанын авторефераты диссертациянын мазмунуна толук ылайык келет, негизги жоболорду, тыянактарды жана натыйжаларды чагылдырат. Авторефератта үч: кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмеси бар. Алар Кыргыз Республикасынын ЖАКтын талаптарына ылайык жазылган.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана тариzделишиндеги кемчиликтер.**

Байгубатова Надира Рахымбековнанын диссертациясына белгиленген артыкчылыктары менен катар, бул иште айрым кемчиликтер да жок эмес, алар төмөнкүлөрдө көрүнгөн:

1. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө, ушул изилдөөнүн темасы жөнүндө, атамекендик авторлордун эмгектери аз каралган.
2. Диссертациялык ишке изилдөө темасына тийиш статистикалык маалыматтардын катарын толуктап тиркөөнү сунуштайбыз.
3. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө, жаңы илимий жоболордун жыйынтыгынын негизинде, автор сунуштаган укуктук актылардын долбоорун тиркемеде көрсөтүп кетсе болмок.

Бирок, бул сын-пикирлер чыныгы дискуссиялык мүнөздө жана диссертациялык изилдөөнүн жогорку деңгээлине жана аброюна таасир тийгизбейт, ал эми иштин өзү жогорку илимий мааниге ээ.

**8. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын жана корутундуларын ырастоо.**

Диссертацияда камтылган негизги жоболор, натыйжалар, тыянактар жана корутундулар автордун жарыяланган 10 илимий макалаларында чагылдырылган:


1. Байгубатова, Н.Р. К вопросу о проблемах исполнения наказания и ресоциализации женщин, осужденных к лишению свободы в Кыргызской Республике [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Юридический факт»: материалы XX международной научной конференции «Свобода и право». -Кемерово: издательский дом «Плутон», 30 декабря 2017. -С.48-52.
2. Байгубатова, Н.Р., Сарманова Б.О. К вопросу о коррупциогенных факторах в деятельности уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова, Б.О.Сарманова // Журнал Зарубежного законодательства и сравнительного правоведения. -2018. -№4. -С.146-153.
3. Байгубатова, Н.Р. Актуальные проблемы деятельности пенитенциарной системы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2018. -№6-2. -С.1-8.
4. Байгубатова, Н.Р. Проблемы противодействия незаконному обороту наркотических средств в местах лишения свободы Кыргызской Республики [Тескт] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2018. -№6-2. -С.8-11.
5. Байгубатова, Н.Р., Эсенбекова, А.Т. Некоторые вопросы противодействия распространению религиозного экстремизма в местах лишения свободы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова, А.Т. Эсенбекова // Научный журнал «Modern Science». -2018. -№7. -С.115-119.
6. Байгубатова, Н.Р. К вопросу о понятии уголовно-исполнительной системы Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2020. -№10-2. -С.193-195.
7. Байгубатова, Н.Р. О месте уголовно-исполнительной системы в структуре правоохранительных органов [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Научный журнал «Modern Science». -2020. -№10-2. -С.193-195.
8. Байгубатова, Н.Р. Актуальные проблемы органов пробации Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова, Б.О. Сарманова, А.Т. Эсенбекова // Вестник КРСУ. -2020. -№11. -Т.20. -С.70-75.
9. Байгубатова, Н.Р. Проблемы кадровой политики уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики [Текст] / Н.Р. Байгубатова // Евразийский юридический журнал. -2020. -№12. -С.207-208.
10. Байгубатова, Н.Р. Некоторые проблемы нормативно-правового обеспечения функционирования уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики [Электронный ресурс] / Н.Р. Байгубатова //

Электронный журнал ВАК КР “Научные исследования в Кыргызской Республике”. -2020. -№3. Часть II. -С.160-170.

**9. Диссертациянын “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” КР ЖАКтын Жобосу менен коюлган талаптарга ылайык келиши.**

Байгубатова Надира Рахымбековнанын “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги” деген темадагы диссертациясы өзүнүн структурасы жана мазмуну боюнча, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө алынган ар бир илимий натыйжанын негиздүүлүк даражасы, аныктыгы жана жаңычылдыгы боюнча, ата-мекендик юридика илим үчүн өзүнүн мааниси жана актуалдуулугу боюнча КР ЖАКтын 2012-жылдын 22-августундагы №578 “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” Жобосунун талаптарына толук ылайык келет.

Диссертациянын жана авторефераттын мазмунун талдоо изденип алуучу илим-изилдөөчүлүк жөндөмгө, автордук позицияга, өз алдынча ой жүгүртө билүүгө, мыкты интеллектуалдык потенциалга ээ экендигин көрсөттү.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги” темасындагы диссертация коюлган бардык талаптарга жооп берет, илимий-теориялык жана практикалык олуттуу мааниге ээ, ал эми анын автору Байгубатова Надира Рахымбековнага 12.00.11 - сот бийлиги; прокурордук көзөмөл; укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептейбиз.

Жетектөөчү уюмдун пикири Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин кылмыш жаза укугу жана процесси кафедрасынын 2021-жылдын “12” 05 (протокол №10) отурумунда талкууланган жана бекитилген.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**юридика факультетинин**
**кылмыш жаза укугу жана процесси**
**кафедрасынын башчысы, ю.и.к., доцент** **Карабаева К.К.**

Ош МУ
Тастыктаймын
2021 ж. «14» 05
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 118 от «17» 05 2021 г.